Абдыкеримова А.Э.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# АКЫН ШАЙЛООБЕК ДҮЙШЕЕВДИН ВАРИАНТЫНДАГЫ «ЭКИ ДӨӨНҮН КҮРӨШҮ» ЭПИЗОДУ ТУУРАЛУУ

*Макалада «Манас» эпосундагы Кошой менен Жолойдун күрөшүн баяндаган эпизод азыркы кыргыз поэзиясынын көрүнүктүү өкүлү Ш.Дүйшеевдин калеминен жаралган автордук вариантта сюжеттик-композициялык түзүлүшү, көркөмдүк өзгөчөлүктөрү жагынан кандайча берилгени кыскача талдоого алынган.*

Улуу «Манас» дастаны – кыргыз элинин түгөнбөс руханий кенчи деген пикир кайра-кайра айтыла берип, клишеге айланып калганы менен, жөн салды гана пафос үчүн айтылган кеп эмес. Чынында эле, «Манас» эпосу кыргыз элинин канча бир миң жылдык тарыхый жолунун ар кыл доорлорунда башынан кечиргендери менен тажрыйбасында топтолгондордун орчундууларын, жашоо-тиричилигинин бардык чөйрөлөрү (коомдук, саясий, экономикалык, маданий ж.б.) тууралуу маалыматтарды, руханий дөөлөттөрү менен табылгаларын, философиялык, этикалык принциптери менен дүйнө таанымын өз тулкусуна сиңирген баасы чексиз мурас экени – айныксыз акыйкат [2, 3]. Азия чөлкөмүндөгү байыркы элдердин бири болгон кыргызды кыргыз кылып сактап, элибиз өткөндөгү жоокерчилик замандардын капшабы менен жок болуп, аты тарых бүктөмдөрүндө гана калбай, кылымдарды басып өтүп бүгүнкү күнгө жетишинде улуу эпостун ролу эбегейсиз зор. Анткени кыргыз эли өзүнүн жашоо-тиричилигинин бардык чөйрөсүн багыттоочу, жетектөөчү, жөнгө салуучу жана алдыга жылууга түрткү берүүчү механизмдердин, принциптердин өзөгүн дал ушул «Манастан» алып, аны жөн гана улуу жомок, оозеки сөз өнөрүнүн уникалдуу үлгүсү катары эсептебестен, жалпы эле турмушунун ажырагыс бөлүгү катары карап келген. Ошондуктан «Манас» дастаны ар доордун манасчылары тарабынан айтылып келди. «Манасты» алгач ким айткандыгы тууралуу маселеге кыргыз фольклористикасында, манастаануу илиминде бүгүн деле чекит коюла элек: Ырамандын Ырчы уулубу (Каратай), Жайсаң Үмөт уулубу, легендарлуу Токтогул ырчыбы? Балким, ысымы биздин күндөргө жетпей калган ырчы-жомокчудур? Маселе дастанды биринчи ким айтканында эмес, маселе ошол алгачкы манасчынын жараткан жомогу бир айтылып жок болуп кетпегенинде, өнөрү өлбөгөнүндө, улам кийинки доорлорго, муундарга өтүп, улам жаңы кошумчалар менен байып, кеңейип отуруп бүгүнкү күнгө океан сымак деңгээлде жеткенинде. Башка

чыгармалардан айырмаланып, «Манас» дайыма кыймылда болуп, улам өсүп, өрчүп, тереңдеп отурат. Бул – чынында эле, уникалдуу көрүнүш. Ал эми дастанды мезгилдин кайрылбас агымынан сактап, жоготпой бизге жеткирген манасчы-айтуучулардын өнөрү андан бетер уникалдуу көрүнүш болуп саналат.

Улуттук жазуу-сызуу пайда болгонго чейин «Манасты» айтып түгөтө албай келишти, бактыга жараша, бул салт жазуу-сызуу өнүккөн бүгүнкү күндө деле уланып жатат. Демек, Сагымбай жана Саякбай менен манасчылыктын доору бүтүп калгандыгы тууралуу пикир чындыкка толук коошпойт. Арийне, бүгүнкү манасчыларыбыздын арасында бир кыйла таланттуулары бар экени шексиз, бирок Сагымбай менен Саякбайдын деңгээлине жеткендери жок экени да талашсыз.

Маселенин экинчи жагы – бүгүнкү күндө «Манас» жазып түгөнбөс тагдырга ээ болгонунда. Бул жерде эпостун манасчылар айткан варианттарын кагазга түшүрүү тууралуу эмес, эпостун өзөгүнө таянуу менен автордук варианттарды жаратуу жөнүндө айтып жатабыз. Мындай аракеттердин алгачкысы З.Бектеновго таандык болгону белгилүү. Илимпоз-адабиятчы XX кылымдын орто ченинде эпостун негизги окуяларын кара сөз түрүндө интерпретациялоо аракетин биринчи болуп ишке ашырып, прозалык вариантын жараткан. Тилекке каршы, ушул жагдай көп эске алынбай жүрөт. Андан кийин XX кылымдын 90-жж. жазуучу А.Жакыпбековдун калеминен «Теңири Манас» романы пайда болду. Аталган роман «Манастын» прозалык формадагы варианты катары эсептелип жүрөт.

Ал эми биздин күндөрдө акын Ш.Дүйшеев эпостун белгилүү бир эпизодунун автордук вариантын жаратып, окурмандарга сунуш кылды. Биз бул макалабызда Ш.Дүйшеевдин калеминен жаралган «Эки дөөнүн күрөшү» тууралуу азын-оолак кеп кылуу максатын көздөдүк.

Алгач токтоло кетчү жагдай – буга чейин таланттуу лирик жана публицист акын, журналист катары таанылган Шайлообек Дүйшеев кандайча манасчы болуп калды деген суроо. Анткени «Манас» дүйнөсүнө ар ким эле даап кире албастыгы, ал үчүн эр жүрөктүүлүк, батылдык жана терең чыгармачылык көрөңгө керектиги белгилүү. Көрсө, акын кокусунан эле манасчы болуп калбаптыр. «Манас» анын дилинде, зилинде бармактайынан жашап келгени, бала кезинде айылдагы улуу-кичүүгө «Манасты» окуп берип бата алганы, өзү да бир күнү күтүлбөгөн жерден күпүлдөп «Манас» айтып кирип, шылк уктап кеткени, энеси өзү да чочуп, аны да чочутуп ойготуп жибергени тууралуу өзүнүн «Агындыларында» [1] кең-кесири баяндап берген. Ошондо энеси чочутуп ойготуп жибербегенде,

балким, манасчы болот белем деген өкүтүн билдирет. Демек, Шайлобек акын «Манас» дүйнөсүнө капыстан эле келип калбаптыр. Ошол өкүттүн ордун толтуруп, калеми такшалып калганда эпоско кайрылды. Ал жараткан «Эки дөөнүн күрөшү» – эпостун өзөк окуяларынын бири болгон «Көкөтөйдүн ашындагы» Кошой менен Жолойдун күрөшүн баяндаган эпизоддун автордук иштелип чыгышы.

Ш.Дүйшеевдин калеминен жаралган көркөм туунду менен таанышкан соң, анда эпостун аталган эпизодунун салттуу сюжеттик-композициялык нугу, структурасы жана маңызы сакталганын көрөбүз. Ошол эле учурда айрым бир айырмачылыктар, кошумчалар да бар экенине күбө болдук. Дүйшеевдик вариант «Бабаң баатыр кыргыздын… бак-таалайы мол болгонун», «балталашкан душманга Барса-Келбес жол болгонун», «Мадери Манас барында мартабасы ашканын» баяндаган чакан киришүү менен башталат. Андан соң аш шааниси сүрөттөлүп, Ыр Амандын Ырчы уулу менен Үмөт уулу Жайсаңдын Манас баатырдын айтканын жар чакырганынан кабар берилет:

Жамы кытай-манжуулар
Жатып уккун деп айтат.
Жаргагы катуу жарандар
Жазып уккун деп айтат.
Дөөкөрү күч жөкөдөн
Дөө жеңелек бөкөдөн,
Кытай менен кыргыздан
Эки балбан чыксын де
Эл ушуну уксун де… [5, 26-28].

Балбан күрөш жайынан кабар берилгенде, кара кытай, манжуулар кан Жолойду күрөшкө салмак болушат. «Кыргыздын кара жинин кагам» деп чыккан Жолойдун келбет-кешпири, ыраң-түспөлү гиперболалык сыпат-тоолор аркылуу берилген:

Алты кепе арпадан
Ботко жеген бу Жолой.
Алтымыш каман бир союп
Чочко жеген бу Жолой…
Ошол кезде жаңы эле
Отуз бешке толуптур,
Болорунча болуптур.
Оң кулактын тешиги
Оюп алган ороодой.
Эки каштын ашташы
Эки саржан алаадай,
Эки бетин жапкан түк
Эгин баскан талаадай…
Түп, Каракол тоолорун
Түбү менен омкоруп
Кетүүчүдөй түрү бар.
Кыргыздардын түбүнө
Жетүүчүдөй түрү бар [5,33-35].

Бакай акылман карыларды чогултуп, «Атпай журтка күн түшсө, азапка башын салчусун, ажалга тике барчусун, айыгышкан душмандын айкыртып өтүн алчусун» тандоону баштайт. Мына ошондо «Кармашам

деп Жолойго каалап келген кыргыздардын кара таандай жайнап турганы» Бакайдын көөнүн жай кылат. Адегенде эле «Жолой! Жолой! Жолой! – деп, Жолоюңду соөм! – деп», Таластан келген Ак Берди чыгат. Бакай анын «арстан экенине, шер экенине, термелбеген эр экенине» сүйүнүп-алкап, бирок Жолойго беттешээр мезгили келе электигин айтат. Андан кийин ашып-

Кабылан элең, шер элең
Канча бир журтка тең эле.
Кашайган, бирок бир айбың
Катынга карoo неме элең…
Кармашар болсоң Жолойдун
Камышын отко жагарсың.

шашып келген Эштектердин Жамгырчысын «Жакалашсаң, жарты күнү жарайсың» деп жаратпайт. Анын соңунан Жолойго беттешем деп келген Эр Үрбүнү «Ат үстүндө кыйынсың, Аттан түшсөң тыйынсың» деп сынга толтурбайт. Ага удаа «жылаажындай үлпүлдөп жасанган» Эр Көкчө Бакайдан уруксат сурап келет. Акылман Бакай аны да сынга толтурбайт:

Каршыксаң канкор чочкону
Калтырбай жерге кагарсың.
А бирок, карайып күүгүм киргенде
Калтырап жылдыз күйгөндө,
Катының эстеп, карангүн
Кайраттан кетип каларсың [5, 62].

«Жетимиш жыл жер алдында жүрүп азыпсың» деп «кыпчактардын кылычы, кыргыздардын ырысы» Эр Төштүктү, «аркар этиң толо элек, алышар кезиң боло элек, сулуу катын алыпсың, суужашык болуп калыпсың» деп Акбайды, «каражал балдар турганда кармашка түшмөк белең» деп Музбурчакты сындан

Канжыгалуу Таласта
Камчы түгөп калгансып.
Кара жалдуу кыргызда
Калкы түгөп калгансып…
Кайдагы бир Жолойго,
Кара тумоо Кыргыл чал,
Канын салган оңобу?

өткөрбөйт. Ошол учурда «кырктын башы Кыргыл чал, кырсыктуу чал, кыйгыл чал» Жолойго каршы күрөшкө Манасты салгын деген талап менен келет. Аны уккан Бакайдын жаалы кайнап, Кыргылды камчы менен тартып-тартып жиберет да, мындай дейт:

Канын салган калк, айтчы,
Касиети болобу?
Көрөр замат бу кытай…
Көзүн берди дебейби
Көзөлдөрү көп туруп
Көкжал Манас баатырдын
Өзүн берди дебейби! [5, 84-85].

Ш.Дүйшеевдин вариантынын негизги өзгөчөлүгү дал ушунда. Бул пикирди Т.Казаков да билдирген [5, 4], биз ага толугу менен кошулабыз. Эгер «Манастын» бизге белгилүү варианттарында Манастын айланасындагы баатырлар (он беш жашар бала менен Төштүктөн

башкасы, а түгүл, Манастын өзү да «ат үстүндө алдырбайм, ал эми жөө күрөшкө жок элем» дейт эмеспи) Жолойго беттешүүдөн коркуп качышса, дүйшеевдик вариантта, тескерисинче, улам бири күрөшкө түшө турганын айтып, Бакайдан уруксат сурап келүүдө. Ушул жерде зор логика жатат. Тереңирээк ойлоно келсек, Жолойдун жолоюнан эле коркуп, ага даабай калган андай баатырлар, чоролор менен Манас кантип «курама жыйып журт кылган», жоо чапкан деген суроолор келип чыкпай койбойт. Арийне, анын баары, бир караганда, Жолойдун күчүн көрсөтүү, тереңирээк карасак, Жолойду жеңген Кошойдун алибетин көрсөтүү максатын көздөйт. Бирок көбү эл-журт башкарып хан болгон, Жолой сындуу далай жоо менен алышкан-чабышкан баатырлар катары сыпатталып келе жатып эле ашта коркок кейпинде сүрөттөлгөнү ынанымдуулукка шек туудуруп коөр эле. Ш.Дүйшеев мына ушул жагдайды эске алуу менен, өз вариантында жогоркудай мазмунда берген. Бул, бир жагынан, Манастын жана анын баатырларынын баркын арттырса, экинчи жагынан, Кошойдун алптыгын, кадырын көтөрүү милдетин аткарган.

Экинчи маселе – башка салттуу варианттарда орун алгандай, калк башында турган ханды күрөшкө чыккын дегендин өзү акылга сыя бербейт. Ырас, душман менен бет келген майдан талаасы болсо, мындай беттешүү жүйөлөнгөн, шартталган мүнөзгө ээ. Ал эми аштойдо ханды күрөшкө түш деп кысмакка алуу – жамы журат алдында ак кийизге салынып хан көтөрүлгөн эл башчысынын кадыр-баркын төмөндөтүү дегендик. Согуштук демократия шартынын саясий жана этикалык принциптерине туура келбеген жосун болуп жатпайбы. Ошондуктан Бакай «Манасты күрөшкө салбайсыңбы» деп келген Кыргыл чалды көпчүлүктүн көзүнчө жазалап жатат. Акын Ш.Дүйшеев дал ушул жагдайларга олуттуу көңүл буруу менен, өз вариантын жогоркудай айырмачылыкта берген жана мындай айырмачылык жалпы эпостун идеялык маңызына төп келген деп ойлойбуз.

Кыргылдын сөзүнөн соң Бакай Манас баатырдын жанындагы баатырларды карап отуруп «Алмамбетти күрөшкө салсак, буруттар балбан таппай «буталачтыкка» күнү түштү дээр, эртең эле жоо кетер, эли-журтка доо кетер. Сыргак жаштык кылат. Бир жараса, черүүгө жеке кол салган, чегесиз жерде жол салган ченебеген эр эле, маңдайлаша келгенде Манаска тете шер эле» деп көңүлү Чубакка ооп турганда, Кошойдун чакырып жатканы тууралуу кабар келет. Кошой Бакайга:

Айланайын Бакайым,
Алтымыш жылы сактаган
Аялуу сырым ачайын.
Менин,
Белесте жатат туманым
Белимде жатат куяңым.

Беченди көргөн Жолойго…
Беттеше турган убагым, - дейт Кечээ
Тике кирип Тибетке,
Тийип турган чагымда.
Тик Бээжинге колумду
Тигип турган чагымда…
Кысыталак кытайдын
Ай-Жаңжуңу алпарып
Жамылгасын өрдөткөн.
Жайып салып даңзасын
Жазуусун мага көргөзгөн.

Даңзадагы жазууну окугандан кийин Жолойду отуз жылы күткөнүн, анда келбегенин, алтымышында күткөнүн, анда Жолой жаңыдан гана туулганын, эми минтип токсондон ашканда Жолой өзү келип отурганын айтып, күрөшкө мени сал дейт Кошой. Анткени даңзада айтылгандай, Жолой менен күрөшүп, Кошой боюндагы дарттан, «капталына толгон уудан, кабыргага толгон суудан, омурткасын баскан муздан, оң далысын баскан туздан» арылмак. Ошондуктан Кошой:

Бакайым,
Жоготчу дартым болбосо
Жондобойт элем башыңа…
Жолобойт элем ашыңа.
Кетирчү дартым боолбосо

Катагандын кан Кошой
Касиети бар Кошой.
Кылымга аты даң болгон.
Кылайган жердин үстүндө
Алайган Аалам астында
Экөө болсо, бирөөсү
Бирөө болсо, ал болгон…

да, анын себебин айтат: [5, 106]

Ошо, тобо жаштан ашканда
Токсон жашты басканда
Кошой менен Жолой дөө
Күрөшөт деп жазыптыр.
Сары суусун боюнан
Самын кылып эзгилеп
Түгөтөт деп жазыптыр…[5, 107].

Кеңешпейт элем башыңа
Келбейт элем ашыңа, - деп турбайбы [5, 109].

Биздин пикирибизде, ушул жерде да Кошойдун алибетин көрсөтүп, кадыр-баркын арттырчу бир жагдай жатат. Кошой калмак ханы Жолойду алптыгы, кайрат-күчү өзүнө тең келген баатыр деп эмес, боюндагы дарттан айыктырчу себеп катары карап, беттешүүгө чыгып жатат. Демек, мында калмак баатырына карата кандайдыр бир ирониялуу, мыскылдуу мамиле жаткандай таасир калтырат. Арийне, Кошой келбет-турпаты, баатырдыгы, балбандыгы, кайрат-күчү жагынан Жолойдон ашып түшпөсө, асти кем калбаганы төмөнкүчө сыпатталган:

Оңкоюп жаткан Кошой дөө
Оодарыла бергени.
Он ааламдан зор Кошой…
Олтурганда оңдонуп,
Ооп барып Каркыра
Ордуна араң келгени… [5, 96-97].

Алп Кошойго «жок» дей албай, Бакайдын аргасы кетет. Киши чаптырып Чубакты токтотот да, иштин жайынан Манаска кабар бердирет. Ошону менен Жолойго каршы күрөшкө Кошой түшмөк болот, бирок ага чак кандагай табылбай бардыгынын айласы кетет. Дүйшеевдик вариантта да мындай кысталыштан Каныкейдин атайылап арнап жүргөн кандагайы чыгарат. Айта кетүүчү нерсе, башка варианттарда кандагай алтымыш аркардын терисинен нечен жылдык түйшүк менен жасалса, Ш.Дүйшеевдин вариантында жердин түбү Жет-Кайтта жашаган, терисине темир аттуу өтпөгөн Даңгөт аттуу тирукмуш желмогуз айбандын терисинен жасалат. Аны Каныкей Абылай баштаган алтымыш мергенге амал менен карматып, терисин алдыртат. Жети жыл ашаткыда жаткан соң, Каныкей аны «Жүгөндөтүп төрт жагын жүз өгүзгө

Он эки мүчөң шай болсун,
Олоң чачың май болсун.
Он ай сыздап көтөрүп
Обого келген бул бала
Ойротту бузар жан болсун.
Манастан ашкан шер болсун
Машташкан жоого сел болсун.

кердиртет, жүз элүү ынды караны жүгүртүп жүрүп желдиртет. Жүз катынды апкелип жүдөгөн жүнүн тердиртет». Ошентип, Даңгөттүн терисинин ийи канганда Кайыптын кызы Арукени баш кылып токсон узга иштетип жасалган кандагай кармаган колду тайгылткан, кайыган жери билинбеген, бүктөөсү көзгө илинбеген, мылтыктын огу өтпөгөн, жалынга күбүлүп күйбөгөн укмуштай шым болуп чыгат. Кези келгенде Кошой баатырдын керегине жарар, анын батасын алсам деген ниет менен жасалган кандагайдын сааты дал ушул балбан күрөштө келди.

Дардайтып Кошой абамды
Дакиге ороп барамбы?
Дарбандан келген Жолойго
Дамбалы жок саламбы? [5, 115], – деп каарданып турган Манастын ачуусу тарап, Бакай, Кошойдун да көңүлү жайланып, Кошой Каныкейге батасын берет:

Семетей болсун ысымы,
Кылымга жетсин кызыгы
Туткалуу кыргыз курчалып,
Туу кылып турсун ушуну…
Атасынан эр болсун
Ак калпак элге бел болсун! [5, 147-148].

Мындан кийин эки балбандын күрөшү баяндалат. Бул эпизоддук сүрөттөөлөр бизге белгилүү варианттардын эле нугунда берилген: кыргыздар басалбай калган чалды күрөшкө салды дешип манжуу, кытайлар шылдыңга алат. Кошой болсо Жолойду жоо деп санабай, билектен тартканда Жолойдун териси кошо сыйрылып түшөт. Алыша албай, чалыша албай алты күн өтөт. Жолой Кошойдун кабыргасын мыжый кармаганда катар-катар суу баскан дарт тарап, жаны жыргап Кошой уйкуга кетет. Андан пайдаланган Жолой Кошойду балбан ташка урарда Манастын ач айкырыгынан Кошой ойгонуп кетет да, каршылашкан балбанды капшыттан кармап жерге көтөрүп урат…

Эми варианттын көркөмдүк жагына токтолсок, акын К.Иманалиев айтмакчы: «Ар бир кайрыгын, ар сабын, а түгүл ар тамгасына чейин …шурудай тизип, кыштай кынап, …зергер буюмдай шөкөттөп, … анан нөшөрдөй төгүп, … күлүктөй таптап, … ийнедей саптап, …дат басып бараткан бабалардын сөздөрүн …сымаптай куюлтуп» [5, 11] жазганы алгачкы саптарынан эле байкалат. Дээрлик бардык саптар жана сабактарда сап башындагы аллитерация жана ассонанс орун алып, кыргыз ырларына мүнөздүү уйкаштыктын бардык түрлөрү (кайчы уйкаш, эгиз уйкаш, аттама уйкаш, оромо уйкаш) колдонулган. Эпостун салттуу ыргактык-интонациялык структурасы сакталган. Ошондой эле акын эне тилибиздин лексикасынын ар кыл катмарларында катылып жаткан көөнөргөн, диалектилик жана экзотикалык сөздөрдү таап, өз вариантында ыктуу колдонуу менен, анын поэтикалык жана көркөм-эстетикалык кунарынын жогору болушуна шарт түзө алган. Маселен, «Аш шааниси» аттуу бөлүмчөдө эле музыкалык аспаптардын биздин күндөргө жеткен да, жетпеген да бир канча түрү сыпатталган: *каранай, чууген, чогойно чоор, чопо чоор, аса таяк, Кырк Элек, ыбызгы, сыбызгы, чыңыроон, ырнай, жылаажын, кыл кыяк, темир комуз, кууқара, тутук, жезнай, комуз* ж.б. Ал эми Каныкей баяндап жаткан «Алоокенин багында» бөлүмчөсүндө флора менен фаунанын реалдуу жана мифологиялык-жомоктук бир далай түрлөрү саналып өткөн. Алсак, жан-жаныбарлар менен канаттуулар: *милтелүү булбул, шамырай короз, кушбурак, апейгөт тоту, булкунма чымчык, күндүлөй, жылжымыш, бабыр, суубука, безбелдек, сары барпы, сары айгыр, күлкүчү чымчык, байгөбөк, бактек, белек, сагызган, жагаан, керик, пил, жабыр баян, саганак, удургу, узун тумшук чөөлө, укуруук моюн өөдө, ызгыт, гөшжинди, гөөмүш, коноч, коңуз, доңуз, кечирчи аюу, кескелдирик, кануу, баяс, жалгыз аяк, чаңырык, жалгыз көз жабан, мамонт, арстан, чөө, бөө, барс, жалкы, каңкы чымын, таш-кум жеген кайчы, тарп жеген таркы, көгүчкөн, үпүп, көзү жашыл күкүк, таранчы, алпкаракуш бүркүт, бокту кара күлтүк, жарганат, маймыл, көнөк баштуу бака, адамноо, бирказан, кутургу, катын аюу, док аюу, келес, кереч, өгөрөк, буян, кулан, кембагал чымчык жалдыр, биркүндүк чымчык* ж.б.

Кеп болуп жаткан варианттын сюжеттик-композициялык түзүлүшү жагынан болсун, сүрөттөлгөн окуялардын идеялык маңызы жагынан болсун, көркөмдүк жагынан болсун, акын Ш.Дүйшеевдин эпос боюнча терең маалыматы, даярдыгы

бардыгынан, ошондой эле эне тилибиздин лексикалык байлыгын мыкты билеринен кабар берет. Ошол эле учурда эпостун айрым окуяларына карата принципиалдуу жекече пикир-көз карашы болуп, аны өз вариантында туюндура алган. Муну менен Ш.Дүйшеев «Манас» эпосунун белгилүү эпизодунун автордук вариантын жаратты деп айтууга болот.

Ырас, бир гана эпизоддун автордук варианты аркылуу Ш.Дүйшеевдин манасчылык дараметине толук баа берүүгө болбостугу түшүнүктүү. Бирок акындын «Манас» дүйнөсүнө кайрылуусу ушуну менен эле токтоп калбайт деген ишенимдебиз, демек, Шайлообек манасчы жана анын «Манасы» тууралуу айтылчу сөздөр алдыда.

Адабияттар:

1. Дүйшеев Ш. Агындылар. -Бишкек, 2013.
2. Кыргыз адабиятынын тарыхы, 2-т. -Бишкек, 2002.
3. «Манас» энциклопедиясы, 1-2-тт. -Бишкек, 1995.
4. «Манас». Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча, 2-китеп. -Фрунзе, 1981.
5. Шайлообек. Эки дөөнүн күрөшү. -Бишкек, 2009.